Бала чак

Сөзү:Чотурова Бактыгүл, Бейшекеев Сыймык
Обону: Бейшекеев Сыймык

Айылга барганымда туулуп-өскөн,
Көрдүм мен балалыкты шибер кечкен.
Көз нуру сүртүп өтүп көңүлүмдү,
Ыр келди куса менен жүрөк эзген.
Бала чак, бала чак,
Кандай сүйкүм карасак!
Айтса жакын жүрөккө,
Аты өзүнө жарашат.
Балалык, балалык,
Бакыт үчүн жаралып.
Эл тилеги өссүн деп,
Эртеңдерге баралык.
Көргөндө көздөрүмдөн жанып учкун,
Бактылуу балалыктын үнүн уктум.
Өңүндө менин өңүм турган сымал,
Өз эмес, ырын дагы сагыныпмын.
Ак терек, көк терек,
Сизден бизге ким керек?
Гүлдөй сүйкүм гүлүм кыз.
Келсин бизге тезирээк.
Ак терек, көк терек,
Сизден бизге ким керек?
Айдай сүйкүм айым кыз,
Келсин бизге тезирээк.
Кайрылбай сагынсак да, самасак да,
Канча ирет кыйбай кылчак карасак да.
Эркиме койбой өткөн мезгил учуп,
Эсиме түшөт күндөр бала чакта.
Бала чак, бала чак,
Кандай сүйкүм карасак!
Айтса жакын жүрөккө,
Аты өзүнө жарашат.
Ак терек, көк терек,
Сизден бизге ким керек?
Күндөй сүйкүм Гүлүм кыз,
Келсин бизге тезирээк.
Адамзат жолун улап жаралыпмын,
Ааламга күлкүлөрү таралышсын.
Агарып аталардын батасынан,
Асманы бүркөлбөсүн балалыктын.
Бала чак, бала чак,
Кандай сүйкүм карасак!
Айтса жакын жүрөккө,
Аты өзүнө жарашат.

Ак терек, көк терек,
Сизден бизге ким керек?
Күндөй сүйкүм Гүлүм кыз,
Келсин бизге тезирээк.